МАКУЛДАШЫЛДЫ
ОшМУнун Окуу-усулдук бирикмесинин
Координациялык кеңешинин төрагасы,
доцент Р.Н. Арапбаев ____________
2025-жылдын "05" 07 ________

БЕКИТЕМИН
Ош мамлекеттик университетинин ректору,
профессор К. К. [illegible]ков ____________
2025-жылдын ____________

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**АДИСТИК: 060109 Медициналык айым иши**

**Квалификациясы: Медициналык айым/ага**

Сканировано с CamScanner

Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык бирикмесинин медициналык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин жыйынында, 2025-жылдын "14" 05, №7 протоколу менен **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандарты каралды.

Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңеши тарабынан жактырылды. Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган 2025-жылдын "30" 06, №9 протоколу. Ош мамлекеттик университетинин ректордун №3426 буйругу менен бекитилген.

**Билим берүү стандартына чет элдик төмөнкү эксперттерден бүтүмдөр алынган.**

1. Антипов Григорий Вячеславович - Эл аралык билим берүү холдингинин жетекчиси, «Gaudeamus» Саламаттыкты сактоону башкаруу магистри. Россия, Москва ш.

2. Джансенгиров Серик Максимович – Талдыкорган жогорку медициналык колледжинин директору, м.и.к. Казакстан Республикасы.

3. А.В. Володин – Оренбург областтык медициналык колледжинин директору, м.и.к., доцент. Россия, Оренбург облусу.



Сканировано с CamScanner

| МАЗМУНУ | Бети |
| --- | --- |
| 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор | 4-5 |
| 2-БӨЛҮМ. Кыскартуулар | 5 |
| 3-БӨЛҮМ. Терминдер | 5-7 |
| 4-БӨЛҮМ. Колдонуу чөйрөсү | 7 |
| 5-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жана эмгек сыйымдуулугу | 8 |
| 6-БӨЛҮМ. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга талаптар | 8-10 |
| 7-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 10-11 |
| 8-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар | 12-14 |
| 9-БӨЛҮМ. Билим берүү програмасын ишке ашыруунун шарттарына талаптар | 14-19 |
| 10-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын базалык окуу планынын үлгүсү | 20 |
| 1-тиркеме. Базалык окуу пландарындагы жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү | 21 |
| 2-тиркеме. Базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу | 22 |
| 3-тиркеме. Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу | 23 |



Сканировано с CamScanner

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча даярдоонун билим берүү стандарты ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилген.

**060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча билим берүү программасынын билим берүү стандарты орто кесиптик билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен ОшМУда иштелип чыгып, бекитилген.

ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандарты (мындан ары – билим берүү стандарты) мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген болуп, орто кесиптик билим берүүнүн талаптарынын бирдиктүү структурасына ээ жана аларга билим берүүнүн биримдигин жана сапатын, көзөмөлдүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу жагынан өз функцияларын аткарууга мүмкүндүк берет, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын өнүктүрүүгө конкреттүү талаптарды белгилейт.

Ушул билим берүү стандарты негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн шарттары жана натыйжаларына карата талаптар Мамлекеттик орто кесиптик билим берүү стандарттарынын тиешелүү талаптарынан төмөн эмес.

**Медициналык айым иши адистигинин ББС төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыккан:**

**Жумушчу топтун төрайымы:**

1. Төлөнбаева Гулзат Толубаевна - Медициналык айым иши адистигинин НКББП жетекчиси.

**Мүчөлөрү:**

**I. Медициналык колледждин курамынан:**

2. Сеитова Гулшайыр Токсоновна - Медайым иши негиздери предметтик циклдык комиссиясынын төрайымы;
3. Шамшиева Нургуль Кубатбековна - Медайым иши негиздери предметтик циклдык комиссиянын окутуучусу;
4. Абдикеримов Кубат Кудайбердиевич - Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу;
5. Аильчинова Назира Уркумбаевна - Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу.

**II. Ата мекендик медициналык колледждерден;**

6. Алдажанова Сауле Хусеиновна - Токмок медициналык колледжи,окуу-иштери боюнча директордун орун басары;
7. Субанбаева Асель Субанбековна - Бишкек медициналык колледжинин окутуучусу;
8. Мамытбекова Гулсайра Ишеналиевна - Нарын медициналык колледжинин окутуучусу;
9. Майрикеева Салиябу Асанбаевна - Жалал-Абад медициналык колледжинин медайым иши адистиги боюнча окутуучу;
10. Кыргызбаева Бубуниса Хабибиллаевна - Кызыл-Кыя медициналык колледжинин медайым иши адистигинин цикл төрайымы.

**III. Иш берүүчүлөр;**

11. Тагайкулова Абийла Кучкачовна - Мырза-Аке ЖДПБнын башкы медайымы;
12. Нуржанова Гулзат Кадырбековна – Өзгөн ЖДПБнын улуу медайымы;
13. Карагулова Ыкыбал Рысбаевна - Ош областтык ооруканасы, директордун медайымдар иштери боюнча орун басары;
14. Арзибаева Турсунай Төлөновна - Ош облустар аралык балдар клиникалык ооруканасы, директордун медайымдар иштери боюнча орун басары;
15. Абдураимова Жанна Сулаймановна - Ош шаардык клиникалык ооруканасынын башкы медайымы.

**IV. Чет өлкөлүк ЖОЖдордун (колледждердин) кызматкерлеринен:**

16. Таиров Аскарали Сулейманович - РФ ГБПОУ Сухоложский филиал мед.колл. окутуучу;
17. Джансенгиров Серик Максимович - Казакстан республикасына караштуу Талды корган жогорку медициналык колледжинин директору;
18. Дюмина М.Ю. - Курс ш.ОБУЗ "КГКБСМП" дарыгер;



Сканировано с CamScanner

19. Дарья Шакин - Туркия мамлекетинин Синоп университетине караштуу медициналык колледжинин медайым иши адистигинин окутуучусу;
20. Каршибоева Максуда Тугаловна - Өзбекстан Республикасы Джизак обл. Галларал мед.колледжинин директору.

Ушул Билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 "Мамлекеттик орто окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", 2024-жылдын 5-февралындагы №45 "Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомдоруна, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, 2024-жылдын 8-июлу №371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө", Кыргыз Республикасында квалификациялардын улуттук системасына, квалификациялардын улуттук алкагына, квалификациялардын Европалык системасына, квалификациялардын тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга таянат, ОшМУнун Уставына жана билим берүү стандарты бекитилген учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык келет.

Бул билим берүү стандартын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү тартиби ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобосу менен жөндөлөт.

## 2-БӨЛҮМ. КЫСКАРТУУЛАР

**МББС-** мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ББС** - билим берүү стандарты;
**ПЦК** – предметтик циклдык комиссия;
**ДМЧА** - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар;
**ДПУ** - дарылоо-алдын алуу мекемеси;
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;
**НКББП** - негизги кесиптик билим берүү программасы;
**ЖКК** - жалпы кесиптик компетенция
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**ЖК**-жалпы компитенциялар;
**ОН**-окутуунун натыйжалары;
**ОКББ** - орто кесиптик билим берүү;
**ОУБ** - окуу-усулдук бирикме;
**ОПК** - окутуучу-профессордук курамы
**ОСКС** - объективдүү структураланган клиникалык сынак
**ТК** - тандоо курсу;



Сканировано с CamScanner

## 3-БӨЛҮМ. ТЕРМИНДЕР

Орто кесиптик билим берүүнүн аталган өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартында төмөндөгү термин жана аныктамалар колдонулат.

- ***академиялык чынчылдык*** - билим берүү программаларын өздөштүрүү жана билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, анын ичинде жазуу иштерин аткарууда (тесттер, курстук иштер, рефераттар, диссертациялар), өз позициясын билдирүүдө жана окуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы мамилелерде жүрүм-турум стандарттарын белгилеген баалуулуктардын жана принциптердин жыйындысы.
- ***академиялык эркиндик*** - студенттердин, мугалимдердин чыгармачылык өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү жана окутуунун инновациялык технологияларын жана методдорун колдонуу максатында тандоо дисциплиналары боюнча билим берүүнүн мазмунун, окутуунун кошумча түрлөрүн жана окуу-тарбия ишин уюштуруу боюнча аларга берилген ыйгарым укуктардын жыйындысы.
- ***базалык окуу планы***– багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезгилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген)), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
- ***билим берүүнүн дистанттык формасы*** – маалыматтык технологиялар жардамы менен өз алдынча билим алуу (аралыктан окутуу) формасы;
- ***билим берүүнүн онлайн формасы*** - реалдуу убакыт режиминде маалымат технологияларынын жардамы менен аралыктан (узактан) билим берүү;
- ***компетенция*** – белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо, алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);
- ***кредит*** - негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;
- ***негизги билим берүү программасы*** – шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү, окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;
- ***окутуунун жыйынтыгы*** - негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;
- ***окутуунун кредиттик технологиясы***– кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;
- ***өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар*** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;
- ***семестрдик окуу планы*** - белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);
- ***студенттин жекече окуу планы*** (СЖОП) - студенттин семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;
- ***тандоо дисциплиналары*** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;
- ***тармактык билим берүү формасы*** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү уюмдары тарабынан ишке ашырылышы;



Сканировано с CamScanner

- ***учурдагы ченемдик-ички жоболор*** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик- ички жоболор;
- иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу (самодисциплина), стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;
- ***STEAM көндүмдөр*** – илим, заманбап технология, инженерия, искусство, маалыматтарды
- колдонуу жана башкаруу.

## 4-БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

4.1. Билим берүү стандартында (мындан ары – билим берүү стандарты – ББС) орто кесиптик билим берүүнүн **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга коюлган талаптардын жыйындысы көрсөтүлөт.

4.2. ББС **060109 Медициналык айым иши** адистигинин билим берүү программалары боюнча адисти даярдоонун талаптарын белгилейт жана анын жыйынтыгы менен аталган адистик боюнча **медициналык айым/ага** квалификациясы ыйгарылат.

4.3. **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча билим берүү программасына даярдоодо билим берүү технологияларын ишке ашыруу үчүн өз алдынча иштелип чыккан орто кесиптик билим берүү стандарты НКББПнын курмындагы базалык окуу пландарын, окуу дисциплиналардын, практикалардын жумушчу программаларын жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программаларын иштеп чыгууда негиз болуп берет.

4.4. ББСнын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча билим берүү программасына даярдоонун негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуудагы, иш жүзүнө ашыруудагы жана окутуудагы уюштуруу-методикалык документтердин негизи болот. Ошондой эле орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, илимдин, техниканын жана социалдык-экономикалык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен толуктоо, жаңылоо жана жетишилген окутуунун натыйжаларына системалуу мониторинг жүргүзүү максатында билим берүү уюмунун окутуучу-профессордук курамы;
- **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүдө окуу иш-аракеттерин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн билим берүү уюмунун студенттери;
- өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына, окуу процессинин уюштурулушуна жооптуу болгон билим берүү уюмунун ректору жана проректорлору, билим берүү уюмунун окуу-усулдук бирикмеси жана анын тиешелүү тармактык комитеттери, факультеттердин декандары, институттардын жана колледждердин директорлору, кафедра башчылары, бөлүм башчылары, ПЦК башчылары жана башкалар;
- билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн окуу-жетишкендиктерин, билим сапатын баалоочу экзамендик жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык комиссиялар;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке кабыл алууда адистигин (квалификациясын) аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;
- университетти, анын ичинде орто кесиптик билим берүүнү каржылаган уюмдар;
- билим берүү тармагында билим берүү программаларын аккредитациялоону ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу уюмдар;
- билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону, көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү;
- адистиктерди тандоо үчүн абитуриенттер.



Сканировано с CamScanner

## 5-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЧЕНЕМДИК МӨӨНӨТҮ ЖАНА ЭМГЕК СЫЙЫМДУУЛУГУ

5.1. Абитуриенттердин билиминин деңгээлине карата талаптар. Абитуриент тапшырууда төмөнкү документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүккө;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатка;
- орто кесиптик билими жөнүндө дипломго;
- башталгыч кесиптик билими жөнүндө дипломго (негизги же жалпы орто билими тууралуу документи болсо).

5.2.Ушул билим берүү стандартына ылайык орто кесиптик били берүү программасы күндүзгү окуу формасында ишке ашырылат.

5.3. **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуутунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, студенттин жекече окуу планына карабастан 180 кредиттик бирдикти түзөт.

5.4. Күндүзгү окуу үчүн билим берүүнүн нормалдуу окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн базасында ОКБ мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда жалпы орто билим берүүнүн базасында – 2 жыл 10 ай (негизги жалпы билим берүүнүн базасында билим берүү программасын өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат) .

5.5. Студенттин жекече окуу планы боюнча билим берүү мөөнөтүнүн нормалары билим берүү уюмунун академиялык саясатынын жана окуу процессин уюштуруу боюнча ченемдик-актылык документтердин негизинде аныкталат.

5.6. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар. Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт чегинде белгиленет.

5.7. Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. Орто кесиптик билим берүүнүн НКББПнын күндүзгү окуу формасына жылдык эмгек сыйымуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.

5.8. Билим берүү уюму тиешелүү профилдеги орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ адамдарга мурдагы билимдерин жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берет. Мурунку өздөштүргөн айрым дисциплиналарды жана/же жумуш ордунда окутуунун айрым түрлөрү боюнча окутуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачеттоонун) жыйынтыгы менен аныктайт.

5.10. Билим берүү программасы онлайн формада колдонулган учурда практикалардын түрлөрүнө карабастан жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо онлайн формада өткөрүүгө (уюштурууга) жол берилбейт. Кырдаал пайда болгон гана учурда жол берилет.

5.11. Орто кесиптик билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүү программасын ишке ашырууда (11-класстардын программасын) жалпы орто билим жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, колледжде окутулган жалпы орто билим жөнүндө баалар орто кесиптик билим берүү жөнүндөгү документке (дипломго) жазылат.



Сканировано с CamScanner

## 6-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУГА ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА ТАЛАПТАР

6.1.Билим берүү уюму эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги билим берүү программасы адистик боюнча билим берүү стандартынын, Квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) негизинде иштелип чыгат.

6.2.Орто кесиптик билим берүүнүн **060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча негизги билим берүү программасынын

**максаты**:

**- окутуу жаатындагы:** бейтаптарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн коопсуз, квалификациялуу, этикалык медайымдык кам көрүү жана реабилитациялык иш-чаралар менен камсыз кылуу, профилактикалык медициналык иш-чараларды жүргүзүү, үй-бүлөнү пландаштыруу, коомдук саламаттыкты сактоо маселелери боюнча консультация берүү жана үйрөтүү;

***- инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты:*** билим алуучуларды сылыктыкка, чечкиндүүлүккө, сабырдуулукка, жоопкерчиликке, коммуникация көндүмдөрүнө, өз жумушун жоопкерчилик менен аткарууга, гумандуулукка, талеранттуулукка, тыкандыкка тарбиялоо.

6.3.Билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен НББПны кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылайт. Билим берүү программаларын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууну;
- билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүүнү;
- иш берүүчү менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясына карата талаптардын негизинде билим алуучулардын билим жана билүү деңгээлдерин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууну;
- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууну;
- ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууну, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациялоонун минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнү;
- өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоону.

6.4.Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
- инсанды ар тараптан өнүктүрүү жана социалдаштыруу, билим алуучулардын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- билим берүү процессинин тарбиялык/окуудан тышкаркы компоненттерин өнүктүрүүгө, анын ичинде өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, билим алуучулардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна өбөлгө түзүүгө.

6.5.Билим берүү программасынын ар бир циклине тиешелүү дисциплиналарды (модулдардын) топтому жана алардын сыйымдуулугун билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары тарабынан (факультет, институт, колледждер) өз алдынча аныкталат.



Сканировано с CamScanner

6.6.НББПнын дисциплиналарынын топтому милдетүү (базалык) жана тандоо бөлүгүн камтууга тийиш. Тандоо курстары кесиптик цикл үчүн сунушталат жана ал үчүн дисциплиналардын каталогун билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

6.7.Дисциплиналардын милдеттүүлүк даражасы жана аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугу боюнча топторго бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү укуктук-ченемдик актыларына жана билим берүү уюмунун окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболоруна ылайык уюштурулат.

6.8.Билим берүү уюму билим алуучуларга НББПнын окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүү болушун камсыздоого, киришүү курстарын өткөрүүгө, билим алуучунун жекече окуу траекториясын түзүү үчүн тандоо курстарын жана каалоолорун сурамжылоо аркылуу аныктоого милдеттүү. Билим алуучу билим берүү уюму тарабынан берилүүчү академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жекече окуу планын түзөт.

6.9.Билим берүү уюму НББПны түзүүдө билим алуучуларды укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, билим алуучулар тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

6.10. Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.

6.11. Билим берүү программасын ишке ашырууда билим алуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар:

- билим алуучулар жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын алкагында билим алуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу;
- өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим алуучу билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги адистикке тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу;
- компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндө билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында билим алуучулар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу;
- билим алуучулар билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;
- билим алуучунун окуу жүктөмүнүн көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 44-54 сааттан кем эмес белгиленет. Окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү жумасына билим берүү уюму тарабынан белгиленет;
- окутуунун күндүзгү формасында бакалаврды/адисти даярдоодо аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына жалпы көлөмдүн 35%дан кем эмес;

окуу жылындагы каникул мезгилинин жалпы көлөмү 7-10 жуманы, анын ичинде окуу мөөнөтүнө жараша кыш мезгилинде эки жумадан кем болбоого тийиш.

- Билим берүү программасын ишке ашырууда практикалык, лабораториялык, семинардык сабактарда 1 агымдагы саны 12 студенттен кем эмес болуусу керек.

Сканировано с CamScanner

## 7-БӨЛҮМ. 060109 МЕДИЦИНАЛЫК АЙЫМ ИШИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**7.1. 060109 Медициналык айым иши** багыты боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн багыттары:**

- саламаттыкты сактоо-калктын ден соолугун сактоо жана камсыз кылуу, квалификациялуу медайымдык жардам көрсөтүү аркылуу бейтаптардын жашоо сапатын жакшыртуу, калк менен профилактикалык иштерди жүргүзүү, медайымдык персоналдын ишин уюштуруу;
- социалдык кызмат көрсөтүүлөр – реабилитация, жардамга муктаж адамдарга кам көрүү.

**7.2. 060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн объектилер:**

- бейтаптар;
- жеке, үй-бүлө, калк;
- саламаттыкты сактоо уюмдарынын медайымдык жана көмөкчү кызматкерлери (адам ресурстарын башкаруу, квалификацияны жогорулатуу);
- ден соолукту сактоо үчүн шарттарды түзүүгө, профилактиканы, медайымдык жардамды жана мониторингди көрсөтүүгө багытталган инструменттердин жана технологиялардын комплекси (материалдык ресурстарды башкаруу, документ жүгүртүү).

**7.3. 060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү **медициналык айым/ага** квалификациясын ыйгаруу менен окуу тармагында даярдала турган **кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү:**

- дартты аныктоо жана дарылоо;
- ооруну алдын алуу;
- санитардык-агартуу;
- калыбына келтирүү иш-чаралары;
- уюштуруучулук жана башкаруучулук иш-чаралар.

**7.4. 060109 Медициналык айым иши** адистиги боюнча медициналык айым/ага квалификациясы ыйгарылган адис кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө (түрлөрүнө) ылайык, төмөнкү **кесиптик милдеттерди чечүүгө даяр**:

**Дартты аныктоо жана дарылоо.**

- стационарларда, аскердик ооруканаларда жана үй шартында медайымдык жардам көрсөтүүнүн алкагында ар кандай курактагы пациенттерге дарылоо-диагностикалык жардам көрсөтүүгө катышуу ишмердиги;
- пациентин абалын баалоо жана курч ооруларда жана кырсыктарда биринчи медициналык жардам көрсөтүү ишмердиги;
- санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо жана саламаттык сактоо уюмдарындагы эпидемияга каршы режимдер ишмердиги;
- ченемдик медициналык документтерди даярдоо ишмердиги;

**Ооруну алдын алуу ишмердүүлүгү:**

- бейтаптын жана анын үй-бүлөсүн ар кандай курактагы ден соолугун сактоого, өзүн-өзү тейлөөгө үйрөтүү, стационардык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу ишмердиги;
- оорулардын пайда болушунун алдын алууга багытталган профилактикалык жана эпидемияга каршы иш-чараларды жүргүзүү;
- калкты диспансердик байкоону жүзөгө ашыруу;
- төрөткө физикалык жана алдын ала даярдоо менен кош бойлуу аялдарды клиникалык кароону жана патронажды, кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки кам көрүүнү үйрөтүү.

**Санитардык-агартуу ишмердүүлүгү:**



Сканировано с CamScanner

- сергек жашоонун программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, алардын натыйжаларына баа берүү ишмердиги;
- сергек жашоо образын калыптандыруу максатында чоңдордун, балдардын, алардын жакындарынын жана медициналык персоналынын арасында санитардык агартуу иштерин жүргүзүү.

**Калыбына келтирүү ишмердүүлүгү.**

- соматикалык ооруга, жаракатка же операцияга дуушар болгон чоңдор, өспүрүмдөр жана балдар арасында реабилитациялык иш-чараларды жана санаториялык-курорттук дарылоону жүргүзүү;
- чоңдордо, өспүрүмдөрдө жана реабилитацияга муктаж балдарда физиотерапияны, физиотерапияны жана терапиянын альтернативдик ыкмаларын (рефлексология, чөп-чар, курорттук факторлор) колдонуу;
- Физиотерапиялык процедуралардын түрлөрүн аткаруу, массаждын ыкмаларын өздөштүрүү.

**Уюштуруучулук жана башкаруучулук ишмердүүлүгү:**

- медициналык мекемелерде жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүндө медициналык жардам көрсөтүүнү уюштуруучулук негизги принциптерин колдонуу.

## 8-БӨЛҮМ. 060109 МЕДИЦИНАЛЫК АЙЫМ ИШИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА ТАЛАПТАР

8.1. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө төмөнкү **жалпы компетенциялар (ЖК)** калыптанышы керек.

| Багыттар | Компетенциялар | Окутуунун натыйжалары (ОН) |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр** | ЖК-1: Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт, өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт, изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | ОН-1: Үч тилде би[illegible]ат: кыргыз жана орус тилдеринде B2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде B1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. |
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалулуктар** | ЖК-2: Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекетүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. | ОН-2: Инсандык, улуттук идентүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот. |
| | ЖК-3: Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен | ОН-3: Идеяларды жаратууга жана критикалык ой |



Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат;<br><br>Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. | жүгүртүүгө, башка көз караштарды интеграциялоого жана талдоого жөндөмдүү, профессионалдык чөйрөдө аргументтүү жана конструктивдүү ойлонот, ишкердик жүргүзүүдө стандарттык эмес кырдаалда өзүн-өзү башкарат, психологиялык туруктуулукту жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү колдоно алат. |
| **STEM көндүмдөр** | ЖК-4: Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат; | ОН-4: Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды жана математикалык методдорду колдонот, техникалык, санариптик жана креативдүү экономиканын тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. |

**8.2.060109** Медициналык айым иши адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүсү төмөндөгү **жалпы кесиптик компетенциялар (ЖКК)** ээ болуусу керек:

| **Жалпы кесиптик компетенциялар** | |
|---|---|
| **ЖКК-1** | Кесиптик милдеттерди натыйжалуу атткарууда, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издейт, чечмелейт жана колдоно алат. |
| **ЖКК-2** | Кесиптик ишмердигинде нормативдик укуктук иш кагаздары колдоно билет, юридикалык, психологиялык жана этикалык жоопкерчилик менен иштей алат. |
| **ЖКК-3** | Адамдын организминин, анын системаларынын жана органдарынын түзүлүшү жана иштеши жөнүндө жана дененин ар кандай бөлүктөрүнүн (анатомиясын) жана функцияларын (физиологиясын), ошондой эле алардын ортосундагы өз ара байланышты түшүнөт. |
| **ЖКК-4** | Тукум куучулукту жана өзгөргүчтүктү, ошондой эле оорулардын пайда болушунда жана алардын алдын алууда генетикалык факторлордун ролун,генетикалык изилдөөлөрдүн ыкмаларын, тукум куума ооруларды диагностикалоону жана генетикалык кеңеш берүү ыкмаларына ээ болот. |
| **ЖКК-5** | Медициналык-латын терминдерин колдонуу менен дары каражаттарды эрежелерине ылайык колдонот. |
| **ЖКК-6** | Жашоо коопсуздугу жана медицина катастрофасында, өзгөчө кырдаалда аскердик даяр болуу кесиптик маселелерди чече билүү, |



Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| | чечим кабыл алуу, демилге киргизүү менен жоопкерчиликте иштей алат. |
| **ЖКК-7** | Дары каражаттарды эрежелери менен колдонот. |
| **ЖКК-8** | Саламаттыкты сактоо мекемелеринде ишмердилүүктү, уюштуруучулук менен башкарууну медайым ишинде колдоно алат. |

**8.3. 060109–** «Медициналык айым иши» адистиги боюнча «Медициналык айым/ага» квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө төмөндөгүдөй **дартты аныктоо жана дарылоодогу кесиптик компетенцияларга (КК) ээ болушу керек:**

| **Дартты аныктоо жана дарылоодогу кесиптик компетенциялар** | |
|---|---|
| **КК-1** | Дартты аныктоодо бейтапка түшүнүктүү маалымат берет, ага медициналык кийлигишүүлөрдүн маңызын түшүндүрө алат. |
| **КК-2** | Бейтапка ооруканада, ҮМБда, үй шартында медициналык жана диагностикалык жардам көрсөтө алат. |
| **КК-3** | Медайымдык процедураларды жана манипуляцияларды стандарт менен аткарат. |
| **КК-4** | Дарылоо-диагностикалык процесстин жүрүшүндө жабдууларды, медициналык буюмдарды колдонуу эрежелерин сактай алат. |
| **КК-5** | Медициналык документтерди толтурат. |
| **КК-6** | Паллиативдик жардам көрсөтө алат. |
| **КК-7** | Өзгөчө кырдаалдарда курч, кечиктирилгис шарттарда, жаракаттарда, кырсыктарда дарыгерге чейинки биринчи жардам көрсөтөт. |
| **КК-8** | Төрөткө физикалык жана профилактикалык даярдоо менен кош бойлуу аялдарды клиникалык кароону жана патронажды, кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки кам көрүүнү үйрөтөт. |
| **Ооруну алдын алуу ишмердүүлүгүндөгү кесиптик компетенциялар** | |
| **КК-9** | Жугуштуу, жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштурат жана эпидемияга каршы ишмердүүлүктү жүргүзө алат. |
| **КК-10** | Калкка диспансердик байкоону жүргүзүүнү ишке ашырат. |
| **Санитардык-агартуу ишмердүүлүгүндөгү кесиптик компетенциялар** | |
| **КК-11** | Саламаттык сактоо мекемелеринде санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы режимди сактоо, калкка санитардык-гигиеналык агартуу иштерин жүргүзөт. |
| **КК-12** | Бейтапка жана анын үй-бүлөөсүнө ар кандай курактагы ден-соолукту сактоого, кам көрүүгө, сергек жашоого үйрөтөт. |
| **Калыбына келтирүү ишмердүүлүгүндөгү кесиптик компетенциялар** | |
| **КК-13** | Бейтаптарга реабилитациялык иш-чараларды жана санаториялык-курорттук дарылоону жүргүзө алат; |
| **КК-14** | Физиотерапиялык процедуралардын түрлөрүн аткарат, көнүгүүлөрдү жүргүзөт. |
| **Уюштуруучулук жана башкаруучулук ишмердүүлүгүндөгү кесиптик компетенциялар** | |
| **КК-15** | Өз ишинде ар кандай жамааттар менен уюштуруучулук көндүмдөрдү аткарат. |
| **КК-16** | Кесиптик ар түрдүү кырдаалдарда ишмердүлүүктү, башкарууну уюштуруучулук менен айкалыштыра билет. |



Сканировано с CamScanner

## 9-БӨЛҮМ. 060109 МЕДИЦИНАЛЫК АЙЫМ ИШИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА ТАЛАПТАР

**9.1. Билим берүү программасын ишке ашырууда кадрларга талаптар**

9.1.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун жалпы талаптары:

- билим берүү программасын даярдоонун НКББПсын ишке ашыруу, базалык билими жана/же квалификациясы бакалавр, магистр, специалитет жана адистен төмөн эмес болуп улантылган, окутуп жаткан дисциплинасы багытына туура келген жана системалуу түрдө окуу (илимий)-методикалык ишмердүүлүк менен алек болгон педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек;
- билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 70%дан кем болбошу керек;

**9.1.2. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун билим берүү багытынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык талаптары:**

- билим берүү программасын ишке ашырган окутуучулардын 25% дан кем эмес бөлүгү өндүрүштөн жана/же тиешелүү бизнес секторлордон болушу шарт;
- билим берүү программасын ишке ашырууда ата мекендик жана/же чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалуу окутуучулардан (онлайн же офлайн окуу формасын колдонуу менен) окуу жыл ичинде кеминде бир жолу конок лекцияларга тартуу;
- кесиптик циклдын окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык өндүрүштө тажрыйбасы бар кызматкерлер эске алынат;
- билим берүү программасын ишке ашыруучу профессордук-окутуучулук курам үч жылда бир жолу тиешелүү тармакта өзүнүн кесиптик квалификациясын, ал эми беш жылда бир жолу педагогикалык квалификациясын жогорулатууга тийиш.

  - кесиптик дисциплиналарды, өндүрүштө 5 жылдан кем эмес тажрыйбасы бар жогорку билимдүү адис окутууга тийиш.

**9.2. Окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышына талаптар**

**9.2.1. Адабияттар фондуна талаптар:**

- **060109 Медициналык айым иши** адистигинин билим берүү программасын ишке ашырууда ар бир билим алуучунун маалымат базаларына жана билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеги боюнча түзүлгөн китепкана фонд менен камсыз кылынууга тийиш;
- ар бир дисциплина үчүн милдеттүү (негизги) жана кошумча окуу китептери жана методикалык окуу куралдарны менен камсыздалышы керек.
- милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдары бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек;
- билим берүү уюму окуу процессинде ченемдик-укуктук актылар, локалдык актылар, кесиптик багыттагы мезгилдүү басылмалардын материалдар менен камсыздого милдеттүү.

**9.2.2. Электрондук окуулуктарга талаптар:**

Билим берүү уюму билим алуучуларга жеткиликтүү болгон заманбап электрондук китепкана системасы жана электрондук китепкананын платформаларын, окуу-усулдук маалымат базаларын камсыздоого милдеттүү. Билим алуучулар үчүн заманбап кесиптик маалымат базалары, маалымат сурап-билүү жана издөө системалары жеткиликтүү болууга тийиш.

Электрондук китепкана системасы билим берүү уюмунан тышкары болгондо да интернет желеси аркылуу электрондук окуулуктарды колдонууга шар түзүүсү керек

Окуу планындагы ар бир дисциплина (модуль) боюнча милдетүү (негизги) жана кошумча окуу китептеринин электрондук формасы менен камсыздалышы шарт.



Сканировано с CamScanner

**9.2.3. Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) электрондук формаларынын окуу жайдын тиешелүү санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар:**

Билим берүү програмасындагы ар бир окуу дисциплинасынын окуу-усулдук материалдары (комплекстердин) (теориялык матералдар, практикумдар, силлабус, баалоо каражаттары, ж.б.) окуу процесси башталганга чейин окуу жайдын санариптик (электрондук) платформасына жайгаштырылууга тийиш. Окуу-усулдук материалдар (комплекстердин) билим алуучуларга бардык учурда жеткиликтүү болуусу керек.

**9.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышына талаптар**

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек. Бир студент үчүн пайдалуу аянт $3м^2$ кем эмес болушу керек.

**9.3.1. Атайын кабинеттер** (лабораториялык, лингофондук, компьютердик, виртуалдык, мультимедиалык ж.б.).

Кабинеттер:

1. Кыргыз (орус) тили (плакаттар и стенддер).
2. Коомдук дисциплиналар (плакаттар жана стенддер).
2. Чет тили (плакаттар жана стенддер).
1. Латын тили (плакаттар жана стенддер).
3. Кесиптик математика (плакаттар жана стенддер).
4. Информатика (плакаттар жана стенддер, компьютеры).
5. Анатомия жана физиология (плакаттар жана стенддер, адамдын скелети жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү, муляждар, фантомдор).
6. Фармакология (плакаттар жана стенддер, дары препараттарынын топтому).
7. Медайымдык иштин негиздери (плакаттар жана стенддер, нозологиялык бирдиктер боюнча кам көрүү предметтери).
8. Инфекциялык оорулар (плакаттар жана стенддер, муляждар, лабораториялык диагностика үчүн предметтери).
9. Дерматовенерология (плакаттар жана стенддер, муляждар, фантомдор).
10. Физиотерапия (плакаттар жана стенддер, медициналык кушеткалар, аппараттар: электрофорез, амплипульс, Куф, ингаляторлор).
11. Хирургия (плакаттар жана стенддер, муляждар, фантомдор, көрсөтмө куралдар, медициналык бинттер,шакшактар, хирургиялык инструменттер, оорулууларга кам көрүүчү предметтер, тигүүчү материал, канды токтотуучу боолуктар).
12. Реаниматологиянын негиздери (плакаттар жанастенддер, муляждар, фантомдор, көрсөтмө куралдар, оорулууларга кам көрүүчү предметтер).
13. Терапия (плакаттар жана стенддер, тонометр, фонендоскоп, чөнтөк ингаляторлору, пикфлоуметр, пол таразасы).
14. Педиатрия (плакаттар жана стенддер, куурчактар, бойду өлчөгүч, кювез, электрондук медициналык тараза, баланы ороочу стол, жаңы төрөлгөн ымыркайларга жана чоңураак курактагы балдарды кам көрүү предметтери, көрсөтмөл куралдар, муляждар жана фантомдор).
15. Акушердик жана гинекология (плакаттар жана стенддер, көрсөтмө куралдар, муляждар жана фантомдор, акушердик жамбаш сөөгү, акушердик куурчактар, акушердик стетоскоп, тазомер, сантиметрдик тасма, жыныс кынынын күзгүсү).
16. Микробиология (плакаттар жана стенддер, көрсөтмө куралдар, микроскоп)
17. Интерактивдүү доска, проектор
18. Компьютердик класс.
19. Окуу-машыгуу борбору:

**Бардык клиникалык адистиктер боюнча:**



Сканировано с CamScanner

20. Медайым иши блогу (плакаттар жана стенддер, медициналык документтер, муляждар, фантомдор, дарыгерге чейинки жардам көрсөтүү үчүн инструменттер топтому, ар кандай манипуляциялар үчүн жабдуулар, жөнөкөй физио процедураларды жүргүзүү үчүн топтом, медициналык кушеткалар, нозологиялык бирдиктер боюнча кам көрүү предметтери, лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн предметтер).

21. Акушердик жана гинекология блогу (гинекологиялык кресло, ширма, кушетка, фантомдор, муляждар, акушердик жамбаш сөөктөр, акушердик куурчактар, акушердик стетоскоп, жамбаш сөөктү өлчөгүч, сантиметрдик тасма, жыныс кыны күзгүсү, жатын зонду, кыпчуурлар, корнцанг, аборцанг, ийне кармагыч, тигиш материалдары, штатив, куралдар туруучу столчо, вазокан, акушер-гинекологдун атайын формасы, төрөөчү аял үчүн бир жолу колдонулган пакет, баланы ороочу стол, жаңы төрөлгөн ымыркай үчүн пакет).

22. Балдардын инфекциясы менен педиатрия (куурчактар, фантомдор, муляждар, бой өлчөгүч, электрондук медициналык таразалар, вертикалдуу бой өлчөгүч жана таразалар, жуунтуу үчүн ванна, баланы ороочу стол, жаңы төрөлгөн ымыркайга жана чоңураак балдарга кам көрүү үчүн предметтер, кувез, Амбу кычкылтек беткабы, тонометр, фонендоскоп, көрсөтмөлүү курал, муляждар жана фантомдор).

23. Терапия (муляждар, фантомдор, тонометр, фонендоскоп, чөнтөк ингаляторлору, пикфлоуметр, медициналык тараза, бой өлчөгүч, глюкометр, кам көрүү предметтери, ЭКГ портативдик аппараты, медициналык кушеткалар)

24. Реаниматология негиздери менен хирургия блогу (плакаттар жана стенддер, муляждар, фантомдор, көрсөтмөлүү куралдар, медициналык дакилер, шакшактар, кичи операциялык блогу: хирургиялык куралдар, тигиш материалдары, кан токтотуучу боолуктар, медициналык кушеткалар, кан группасын аныктоо үчүн топтом, хирургиялык оорулууларга кам көрүү предметтери, ИВЛ топтому).

**26. Спорттук комплекс:**

- спорт залы,
- кеңири профилдеги ачык стадион.

**27. Залдар:**

- китепкана, электрондук китепкана;
- интернет желесине кирүү мүмкүнчүлүгү бар окуу залы;
- электрондук китепкана;
- салтанаттуу чогулуш өткөрчү зал- 1;
- медпункт – 1;
- ашкана – 1.

**9.3.2. Өндүрүштүк базада окутуунун шарттары (өндүрүштө окутуу):**

Билим берүү уюму милдеттүү түрдө кээ бир кесиптик дисциплиналардын практикалык сабактарын окутууну, өндүрүштүк базада жумуш ордунда окутууну камсыздап берүүсү керек.

НКББПнын тиешелүү кесиптик дисциплиналары боюнча ишканада же уюмда өткөрүлүүчү өндүрүштө окутууну камтыган программаларын иштеп чыгууга жана бекитүүгө тийиш.

**Өндүрүштүк ишканада окутуунун элементтери:**

Насаатчы, жаш адиске бардык зарыл ыкмаларды жана билимдерди үйрөтөт. Медициналык аппараттар, жабдууларды колдонууну, коопсуздук жана гигиена эрежелерин сактоону, ченемдик укуктук актылар, буйруктар менен иш алып барууну билишет. Бейтаптар менен түз байланышта болот, көзү менен көрүп, колу менен кармап көндүмдөрдү аткарат. Жумуш ордунда окутуу (дуалдык) болочок медайымдарды өндүрүштө иштөөгө даярдайт.

**9.4. Билимдердин сапатын баалоого талаптар**

**9.4.1. Текшерүүнүн түрлөрү:**

Билим алуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоодо төмөндөгүдөй текшерүүнүн түрлөрү болуусу керек:

- учурдагы текшерүү;
- орто аралык текшерүү;



Сканировано с CamScanner

- жыйынтыктоочу аттестациялоо;

- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо.

Билим алуучуларды учурдагы, орто аралык текшерүү билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген баалоо системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

**9.4.2. Баалоо каражаттар фонду жана баалоонун критерийлери:**

Билим алуучулардын жеке жетишкендиктеринин билим берүү программасынын этаптуу же акыркы талаптарына ылайык келүүсүнө учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү практикалык тапшырмаларды камтыган баалоо каражаттарынын базалары жана критерийлери иштелип чыгууга тийиш.

Ар бир дисциплина үчүн текшерүүнүн түрлөрүнө ылайык, баалоо каражаттары жана баалоонун критерийлери окуу процесси башталганга чейин иштелип чыгат жана билим алуучуларга жеткиликтүү болуу үчүн окуу жайдын санарип платформаларына жайгаштырылууга тийиш.

**9.5. Практиканы уюштурууга коюлган талаптар.**

**9.5.1. Практика жөнүндө жалпы жоболор:**

Билим берүү программаларын окутууда билим алуучулар үчүн өткөрүлүүчү практикалар, адисти даярдоодогу кесиптик компетенцияларды калыптандыруучу окуу процессинин формасы катары каралат. Ар бир билим алуучу билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн практиканын түрлөрүн өтүүгө (аткарууга) милдеттүү. Билим берүү уюму өндүрүштүк практиканы кесиптик билим берүүнүн багытына жана адистигине жараша өндүрүштүк мекеме уюмдарда өткөрүлүүсүн камсыздоого тийиш.

**9.5.2. Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программасына ылайыктуу практиканын төмөнкү түрлөрү өткөрүлөт:**

- **Окуу-өндүрүштүк практика.** Бул практикада билим алуучу медайым ишинин негиздери боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөрдү үйрөнүүсү керек;
- Акушердик жана паллативдик жардам көрсөтүү тармагында медайымдык кароо;
- Инфекциялык бейтаптарга кам көрүү жана үй-бүлөлүк медицинада бейтаптарды көзөмөлдөө жана кароо;
- Терапия, хирургия жана педиатрияда бейтаптарды кароо;
- Квалификация ыйгаруу алдындагы практика.

**9.5.3. Практиканын түрлөрүнө талаптар**

Колледждеги практикалардын негизги түрлөрүнүн багыттары, адистиктердин окуу пландарына ылайык аныкталат. Алардын негизгилери болуп окуу-өндүрүштүк жана квалификация ыйгаруу алдындагы практика эсептелинет.

**Окуу-өндүрүштүк практика**

***Медайым ишинин негиздери боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөрдү алуу үчүн окуу-өндүрүштүк практикасы.*** Практиканын бул түрүндө билим алуучулар санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоо, жугушсуздандыруучу эритмелерди даярдоону, медициналык жабдуулар менен иштөөнү, медициналык мекемелердин иштөө принциптерин жана башка бөлүмдөр менен өз ара байланышын үйрөнүүгө милдеттүү.

***Акушердик жана паллативдик жардам көрсөтүү тармагында медайымдык кароо окуу-өндүрүштүк практика.***

Практиканын бул түрүндө билим алуучу төрөт үйүндө, ооруканаларда, үй бүлөлүк дарыгерлер борборлорунда, фельдшердик акушердик пункттарда, онкологиялык ооруканаларында болуп, бейтаптарды кароо көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, ошондой эле медайымдык процесс боюнча ишти уюштурууга милдеттүү.

**Практика учурунда билим алуучу ээ боло турган кесиптик көндүмдөр:**

Кош бойлуу аялдарды төрөт үйүнө кабыл алуу, кан басым, дене ысытмасын, дем алуусун, тамыр кагуусун өлчөөнү, күтүүсүз медайымдык жардам көрсөтүүнү, бейтаптарды инструменталдык изилдөөгө даярдоону, бейтапка коопсуз чөйрө түзүүнү, бейтаптарга



Сканировано с CamScanner

психологиялык жардам көрсөтүүнү, онкологиялык оорулууларга жана анын үй-бүлөсүнө медайымдык кам көрүүнү үйрөтүүнү, командада иштөө жөндөмдүүлүгү, көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгүн үйрөнүүгө милдеттүү.

***Инфекциялык бейтаптарды кароо жана үй-бүлөлүк медицинада бейтаптарды тейлөө жана кароо окуу-өндүрүштүк практика.*** Практиканын бул түрү инфекция бөлүмдөрүндө жана үй-бүлөлүк медицинада бейтаптарды тейлөө көндүмдөрдү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

**Практика учурунда ээ боло турган кесиптик көндүмдөр:**
Жугуштуу оорулар бөлүмүндө бейтаптар менен иштөө коопсуздугун сактай алат, дарыгердин көрсөмөсүн так аткарат, иш кагаздарды толтурат, үй-бүлөлүк медициналык борборлордо, бейтаптарды тейлөө жүргүзөт, бейтаптарга диспансердик каттоо жүргүзөт, калкка потранаж ишин жүргүзүүнү үйрөнүүгө тийиш.

**Терапия, хирургия жана педиатрияда бейтаптарды кароо окуу-өндүрүштүк практикасы.** Практиканын бул түрү терапия, хирургия жана педиатриядагы бейтаптарга кам көрүүгө багытталган.

**Практика учурунда билим алуучу ээ боло турган кесиптик көндүмдөр:**
терапия бөлүмүндө бейтаптарга кам көрүү, дарылоо процессин жүргүзүү, медициналык процедураларды аткаруу, бейтаптардын абалын көзөмөлдөө жана психологиялык колдоо көрсөтүү, бейтаптарды операцияга даярдоо, операция учурунда жана операциядан кийинки кам көрүү, коопсуздукту камсыз кылуу, балдардын гигиенасын камсыз кылуу, инфекциянын алдын алуу, ата-энелерине психологиялык жактан колдоо жана аларга түшүндүрмө берүүгө милдеттүү.

**Квалификация ыйгаруу алдындагы практика** окутуунун жыйынтыктоочу этабы болуп эсептелинет жана ал студенттер тарабынан окутуунун теориялык, практикалык программасын толук өздөштүрүлгөндөн кийин адистигине жараша медициналык мекеме уюмдарында теориялык билиминин негизинде алгачкы кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу иш тажрыйбага ээ болуу үчүн медициналык мекеме уюмдарында өткөрүлүүсү керек.

- Медайым квалификациясын ыйгаруу алдындагы практикасы студенттерге зарыл болгон практикалык көндүмдөрдү жана билимдерди алууга мүмкүндүк берүүчү окутуунун акыркы этабы болуп саналат. Ал көбүнчө теориялык жана практикалык дисциплиналарды өздөштүргөндөн кийин жүргүзүлөт.

**Медициналык айым квалификация ыйгаруу алдындагы практикасынын негизги максаттары жана милдеттери:**

- Медайым ишинин практикалык көндүмдөрүн: бейтаптын муктаждыгын канааттандыруу (ашказан жуу, иньекция саюу, кан басымды өлчөөнү ж.б.) өздөштүрүүсү керек;
- медициналык бардык чөйрөдө көндүмдөрдү практикалай алуусу керек;
- оорулуунун коопсуздугун камсыз кылууну үйрөнүүсү зарыл.

Билим берүү мекемеси практиканын жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрүн жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтерди берүүгө милдеттүү.

**9.6. Жыйынтыктоочу аттестация.**

**Комплекстик жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка талаптар жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер:**

Билим алуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо толук окуу курсун аяктагандан кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Мамлекеттик аттестациялык сынактардын түрлөрү жана аны уюштуруу тартиби бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жүргүзүүнү жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана билим берүү уюмунун ченемдик-укуктук актыларына ылайык билим берүү уюму тарабынан аныкталышы керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана окуу планында каралган окутуунун толук курсун аяктаган бүтүрүүчүгө уруксат берилүүгө тийиш.

**9.6.1.** Комплекстүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга талаптар жана академиялык жүктөмдү бөлүштүрүүнүн негиздемеси (кредиттердин саны): Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо бул адистик боюнча



Сканировано с CamScanner

бүтүрүүчүнүн даярдоонун минималдуу мазмунуна жана деңгээлине карата мамлекеттик талаптардын негизинде теориялык жана практикалык кесиптик даярдыгын баалоону караган адистик боюнча комплекстүү мамлекеттик дисциплиналар аралык экзамен түрүндө өткөрүлүүгө тийиш.

Акыркы мамлекеттик аттестация эки этаптан турушу керек:
• I этап – тестирлөө ;
• II этап – объективдүү структураланган клиникалык сынак.

Комплекстүү жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен студенттин билимин, теориялык жана практикалык көндүмдөрүн, клиникалык иш тажрыйбасын баалайт, ошондой эле тесттерге, практикалык көндүмдөрдү жана кырдаалдык тапшырмаларга даярдануу үчүн окуу жүктөмүнүн 3 кредитинен кем эмес болушу керек.

Жыйынтыктоочу баа мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын 2 этабынын орточо жыйынтыгы боюнча коюлушу керек.



Сканировано с CamScanner

# 10-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БАЗАЛЫК ОКУУ ПЛАНЫНЫН ҮЛГҮСҮ

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Сааттардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | | 4-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | "А" | "В" | "С" | Баары | Аудит. | СӨИ | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр | 7-семестр | 8-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (12 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Кыргызский язык | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | Русский язык | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | Чет тили (каталог) | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | Каталог дисциплин № | | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | Каталог дисциплин № | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2-блок | Практикалар | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | | 180 кредиттен кем эмес | | | | | | | | | | | | | |



Сканировано с CamScanner

Окуу планынын биринчи блогу 3 циклден турат, алар: жалпы билим берүү цикли, жалпы кесиптик билим берүү цикли жана кесиптик билим берүү цикли.

Жалпы билим берүү цикли "Тилдик жана коммуникативди көндүмдөр", "Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар", "Soft skills көндүмдөр (жумшак көндүмдөр)", "STEM көндүмдөр" аталышындагы багыттарга (дисциплиналардын каталогу) бөлүнгөн. Ар бир багытка 3төн кем эмес дисциплина сунушталат жана дисциплиналардын каталогун билим берүү уюму аныктайт. Билим алуучулар багыттарга сунушталган дисциплиналарды өз алдынча тандай алат.

Базалык окуу планынын бардык циклдеги окуу дисциплиналары милдеттүүлүк даражасы жана мазмунун өздөштүрүүнүн ырааттуулугу боюнча «А», «В», «С» топторуна бөлүнөт:

«А» – дисциплиналардын ырааттуулугу сакталган, базалык окуу планда көрсөтүлгөн семестрде жана окууга милдетүү болгон дисциплиналар.

«В» – дисциплиналардын ырааттуулугу мааниге ээ эмес, милдетүү окууга тийиш. Билим алуучулар бул топтогу дисциплиналарды көрсөтүлгөн окуу жылдарга өз алдынча каалаган семестрлерде пландаштырып окуйт.

«С» – тобундагы дисциплиналарды каталогдон студент өз каалосу менен тандай алат. Бул топтогу дисциплиналардын семестрлери окуу планында так көрсөтүлүүгө тийиш. «С» тобуна дисциплиналардын каталогу сунушталат жана билим алуучулар ар бир каталогдон бир дисциплинаны гана тандай алат. Бир каталогтогу дисциплиналар тектеш болууга тийиш.

«С» тобу билим алуучулар базалык окуу планынын «А» тобундагы дисциплиналарды тереңдетүүгө, эмгек рыногунун талаптарына жана илимдин-техниканын жетишкендиктер эске алуу менен бүтүрүүчүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кошумча компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берет.

«С» – тобундагы дисциплиналар эмгек рыногунун талаптарына жана илимдин-техниканын жетишкендиктерин эске алуу менен ар бир окуу жылында жаңыланып туруусу мүмкүн.



Сканировано с CamScanner

**1-тиркеме**

## Орто кесиптик медициналык билим берүү боюнча базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү

| Билим берүү программасынын структурасы | | | Билим берүү программасынын блокторунун эмгек сыйымдуулугу (кредит) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-блок | Дисциплиналар | | «А» | «В» | «С» |
| | | | 104-158 кредит | | |
| | Циклы | Жалпы билим берүү дисциплиналар | | 12 кредит | |
| | | Кесиптик цикл | 92-146 кредит | | |
| | | Жалпы кесиптик дисциплиналар | 15%-25% | 6%-10% | |
| | | Кесиптик дисциплиналар | 50%-60% | 20%-25% | 20%-25% |
| | Дене тарбия | | 72-120 саат | | |
| 2-блок | **Практика** | | 20-70 кредит | | |
| 3-блок | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | | 2-6 кредит | | |
| **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | | **180 кредиттен кем эмес** | | |



Сканировано с CamScanner

**2-тиркеме**

**Орто кесиптик медициналык билим берүү боюнча базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу**

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Сааттардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | "A" | "B" | "C" | Баары | Аудит. | СӨИ | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (12 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Кыргыз тили / Орус тили | | | | | | | | | | | | |
| | | | Дисциплиналардын 4-каталогу(Чет тилдери) | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | Дисциплиналардын1-2-3-каталогдору | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | |
| 2- блок | Практикалар (20-70 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (2-6 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | | | | | | | | 180 кредиттен кем эмес | | | | | |



Сканировано с CamScanner

**3-тиркеме**

**Базалык окуу планынын дисциплиналарынын каталогу**

***Эскертүү**: Жалпы билим берүү циклинин "дисциплиналар каталогундагы" дисциплиналар студент тарабынан тандалат.*

| Каталогдун номери | Каталогдун багыты | Каталогдогу дисциплиналардын аталыштары | Кредиттин көлөмү |
|---|---|---|---|
| Дисциплиналардын 1-каталогу | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр (чет тилдер) | Англис тили | 4 |
| | | Немец тили | |
| | | Корей тили | |
| | | Кытай тили | |
| Дисциплиналардын 2-каталогу | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар багыты өрү | Ата-мекен тарыхы, улуттук баалуулуктар жана маданият | 4 |
| | | Ыйман | |
| | | Медицинадагы экологиялык коопсуздук | |
| | | Манас таануу... | |
| Дисциплиналардын 3-каталогу | Soft skills көндүмдөр | Долбоордук практикум | |
| | | Критикалык жана дизайндык ой жүгүртүү | |
| | | Медициналык психологиянын негиздери жана кесибке киришүү | |
| | | | |
| Дисциплиналардын 4-каталогу | STEM көндүмдөр | Тармактык математика | 4 |
| | | Кесиптик ишмердиктеги санарип технологиялары | |
| | | | |
| | | | |



Сканировано с CamScanner

**4-тиркеме**

**Орто кесиптик <u>медициналык билим берүү</u> боюнча базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу**

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Сааттардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | "A" | "B" | "C" | Баары | Аудит. | СӨИ | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү (12 кредит) | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Кыргыз тили/ Орус тили | | | | | | | | | | | | |
| | | | Дисциплиналардын 4-каталогу (Чет тилдери) | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | Дисциплиналардын 1-2-3-каталогдору | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | |
| 2- блок | Практикалар (20-70 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (2-6 кредит) | | | | | | | | | | | | | | |
| Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | | | | | | | | | 180 кредиттен кем эмес | | | | | |



Сканировано с CamScanner

***Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин 060109 Медициналык айым иши адистигинин билим берүү стандарттарын иштеп чыккан жумушчу топтун курамы.***

***Медициналык колледждин курамы:***

| № | *Иштеген жери, кызматы.* | *Кол коюу* | *Аты-жөнү* |
|---|---|---|---|
| 1 | Медициналык айым иши адистигинин НКББП жетекчиси | | Төлөнбаева Гулзат Толубаевна |
| 2 | Медайым ишинин негиздери предметтик циклдык комиссиясынын төрайымы | | Сеитова Гулшайыр Токсоновна |
| 3 | Медайым ишинин негиздери предметтик циклдык комиссиясынын төрайымы | | Шамшиева Нургуль Кубатбековна |
| 4 | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу; | | Абдикеримов Кубат Кудайбердиевич |
| 5 | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу; | | Аильчинова Назира Уркумбаевна |

**Иш берүүчүлөрдүн курамы:**

| № | *Иштеген жери, кызматы.* | *Кол коюу* | *Аты-жөнү* |
|---|---|---|---|
| 1 | Мырза-Аке ЖДПБнын башкы медайымы; | | Тагайкулова Абийла Кучкачовна |
| 2 | Өзгөн ЖДПБнын улуу медайымы; | | Нуржанова Гулзат Кадырбековна |
| 3 | Ош областтык ооруканасынын, директордун медайымдар иштери боюнча орун басары; | | Карагулова Ыкыбал Рысбаевна |
| 4 | Ош облустар аралык балдар клиникалык ооруканасы, директордун медайымдар иштери боюнча орун басары; | | Арзибаева Турсунай Төлөновна |
| 5 | Ош шаардык клиникалык ооруканасынын башкы медайымы. | | Абдураимова Жанна Сулаймановна |

1/3



Сканировано с CamScanner

*Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин 060109 Медициналык айым иши адистигинин билим берүү стандарттарын иштеп чыккан жумушчу топтун курамы.*

*Ата мекендик медициналык колледждин курамы:*

| № | *Иштеген жери, кызматы.* | *Кол коюу* | *Аты-жөнү* |
|---|---|---|---|
| 1 | Токмок медициналык колледжи, окуу-иштери боюнча директордун орун басары; | | Алджанова Сауле Хусеиновна |
| 2 | Бишкек медициналык колледжинин окутуучусу; | | Субанбаева Асель Субанбековна |
| 3 | Нарын медициналык колледжинин окутуучусу; | | Мамытбекова Гулсайра Ишеналиевна |
| 4 | Жалал-Абад медициналык колледжинин медайым иши адистиги боюнча окутуучу; | | Майрикеева Салиябу Асанбаевна |
| 5 | Кызыл-Кыя медициналык колледжинин медайым иши адистигинин цикл торайымы; | | Кыргызбаева Бубуниса Хабибиллаевна. |



Сканировано с CamScanner

*Орто кесиптик билим берүүнүн стандартын иштеп чыккан жумушчу топтун курамы. Чет элдик университеттердин (колледждердин) кызматкерлеринен:*

| № | *Жумуш орду, кызматы.* | *Кол коюу* | *Толук аты* |
|---|---|---|---|
| *1* | Россия Федерациясынын Мамлекеттик бюджеттик кесиптик билим берүү мекемеси "Свердлов райондук медициналык колледжи" окутуучусу | | Таиров Аскарали Сулейманович |
| *2* | Казакстан Республикасынын Талдыкорган жогорку медициналык колледжинин директору: | | Джансенгиров Серик Максимович |
| *3* | РФ "Райондук бюджеттик саламаттык сактоо мекемеси Курск шаардык тез жардам клиникалык ооруканасы» Курстун доктору | | Дюмина М.Ю. |
| *4* | Түрк мамлекетинин Синоп университетинин медициналык колледжинде медайымдык иш боюнча окутуучу | | Дарья Шахин |
| *5* | Өзбекстан Республикасы Жиззак облусу. Галларал медициналык колледжинин директору. | | Каршибоева Максуда Тугаловна. |



Сканировано с CamScanner